**03-010-2024-000090 сандуу кылмыш иши боюнча**

# М А А Л Ы М А Т

2024-жылдын 12-ноябрынында Талас районунун аймактык шайлоо коммиссиясына А.Огомбаев айылынын тургуну жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер Б.Кыйкымбаев арыз менен кайрылган. Анда 11.11.2024-жылы жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер Чучуев Мукаш жана айыл башчы Бериков каныбек менен биргеликте А.Огомбаев айылынын жолдорун оңдоп добуш добуш сатып алуу максатында иш жүргүзүп жатышат. Ушул окуя боюнча териштирип мыйзамдуу чара көрүп бериңиздер деп кайрылган.

Б.Кыйкымбаевдин арызы Талас райондук АШК тарабынан каттоого алынып, 12.11.2024-жылы Талас РИИБге текшерүү иштерин жүргүзүү үчүн жөнөтүлгөн.

Аталган арыз Талас РИИБдин МЭЖне 12.11.2024-жылы 18:17де 02-010-2024-001029 саны менен катталып, тергөөгө чейинки текшерүү иш аракеттери башталган.

Тергөөгө чейинки текшерүүнүн жүрүшүндө арызденуучу жана күбөлөр суралып, Беш-Таш айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталган М.Чучуев А.Огомбаев айылынын ички көчөлөрүн оңдоп түзөөгө айыл башчы К.Бериковго Н.Баясбековдун наамында каттоодо турган бирок М.Чучуев 2 жылдан бери иштетип келген карьерден кум-шагыл жана өзүнө тиешелүү болгон 1 жүктөгүч менен "КАМАЗ" үлгүсүндөгү 1 жүк ташуучу автоунаасын кум шагыл жүктөөгө жана ташууга бөлүп берген.

Андан тышкары М.Чучуев жогоруда аталган карьерден кум-шагыл ташып жолго төгүүгө 3 жүк ташуучу автоунааларды жалдап, айыл тургундарына кайрымдуулук иштерин жасагандлыгы аныкталган.

А.Огомбаев айылынын ички көчөлөрүнө кароо жүргүзгөн учурда жалпысынан 42 даана "КАМАЗ" кум-шагыл төгүлгөнү тастыкталган.

Жогоруда аталган фактылар боюнча көрмө тасмалар, сүрөттөр жана үн жазуулар А.Огомбаев айылынын тургундарынын "А.Огомбаев айылы" аталыштагы 600 жаран катышкан тайпага жөнөтүлүп, айыл элинин талкуусуна алынганы такталган.

Ошондой эле жүк ташуучу автоунаалар кум-шагыл жүктөп А.Огомбаев айылынын ички жолдоруна төккөн "Жергетал" аталыштагы карьерине кароо жүргүзүлүп, ал жерден кум-шагыл алынгандыгы аныкталган.

Ал эми Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын 28-бер. 4-бөл. "Талапкерлер, алардын жакын туугандары, талапкердин жубайы, талапкерлердин жана саясий партиялардын өкүлдөрү шайлоо дайындалган учурдан тартып жана шайлоонун натыйжалары жарыяланганга чейин кайрымдуулук иштерин жүргүзүүгө укуксуз" деп көрсөтүлгөн.

Тергөөгө чейинки текшерүүнүн жыйынтыгы менен жергилик кеңештин депутаттыгына талапкер М.Чучуевдин кыймыл аракетинде Кыргыз Республикасынын КЖКнын 196-бер. 1-бөл. "Шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды берүү же болбосо таратуу, материалдык баалуулуктарды тапшыруу же кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алууга көмөктөшүү жолу менен шайлоочулардын добуштарын сатып алуу, ошого тете эл алдында аларга убада берүү" кылмыштын белгилери так жана даана байкалгандыктан 03-010-2024-000090 сандуу кылмыш иши козголгон.

Сканировано с CamScanner

Азыркы учурда аталган кылмыш ишти соттук кароого жөнөтүүгө тергөө амалдары жүргүзүлүүдө.

Эгерде кандайдыр бир кошумча маалыымат болсо расмий түрдө тез аранын ичинде билдиребиз.

**Талас РИИБдин тергөө кызматы**

Сканировано с CamScanner

**02-010-2024-001031 сандуу тергөөгө чейинки өндүрүш иши боюнча**

# М А А Л Ы М А Т

13.11.2024-ж. Талас районунун А.Огонбаев айылынын Асан көч. №60-ү.т. 06.12.1959-ж.т. Койгелдиев Джамаке Молдобекович арыз менен кайрылган, анда Беш-Таш айыл аймагынын А.Огонбаев айылынын депутатына талапкер Кыйкынбаев Бийгазы Тургунбековичтин ашар жолу менен жасалып жаткан ички жолду депутатка талапкер Чучуев Мукаш Тураровичти добуш сатып алуу үчүн кум, шагыл түшүрүп жатат деп жалаа жапканы боюнча Б.Кыйкынбаев элдин ыркына доо кетирип жамааттын курулушуна, талапкерге бут тосуу жолу менен бул талапкердин элдин ишине шылтоо көрсөтүп каралоосуна укуктук баа берүүңүздөрдү сурайм деп кайрылган.

Аталган арыз Талас РИИБдин МЭЖне 02-010-2024-001031 саны менен катталып, тергөөгө чейинки текшерүү өндүрүш иши башталган.

Текшерүүнүн жүрүшүндө Дж.Койгелдиев арызында көрсөткөн факты 2024-жылдын 12-ноябрынында Талас районунун аймактык шайлоо коммиссиясына А.Огомбаев айылынын тургуну жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер Б.Кыйкымбаев арыз менен кайрылган. Анда 11.11.2024-жылы жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер Чучуев Мукаш жана айыл башчы Бериков каныбек менен биргеликте А.Огомбаев айылынын жолдорун оңдоп добуш добуш сатып алуу максатында иш жүргүзүп жатышат. Ушул окуя боюнча териштирип мыйзамдуу чара көрүп бериңиздер деп кайрылган.

Б.Кыйкымбаевдин арызы Талас райондук АШК тарабынан каттоого алынып, 12.11.2024-жылы Талас РИИБге текшерүү иштерин жүргүзүү үчүн жөнөтүлгөнү жана аталган арыз Талас РИИБдин МЭЖне 12.11.2024-жылы 18:17де 02-010-2024-001029 саны менен катталып, тергөөгө чейинки текшерүүнүн жыйынтыгы менен 15.11.2024-жылы Кыргыз Республикасынын КЖКнин 196-бер. 1-бөл. Каралган кылмыштын белгилери менен 03-010-2024-000090 сандуу кылмыш иши козголуп, тергөө амалдары жүргүзүлүп жаткандыгы аныкталган.

Андыктан Дж.Койгелдиев арызында көрсөткөн факты негизсиз болгондуктан аталган факты боюнча текшерүү иш аракеттери токтотулуп, 15.11.2024-жылы 02-010-2024-001031-01-001-000633 саны менен кылмыш ишин козгоодон баш тартылган.

**Талас РИИБдин тергөө кызматы**

Сканировано с CamScanner

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ**

**ТАЛАС ОБЛУСУНУН ИЧКИИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫНЫН ТАЛАС РАЙОНДУК ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ**

722720, Көк-Ой айылы, Манас көчөсү, 127
Тел.: +996 (03422) 5-81-05
Факс.: +996 (03422) 5-84-68
e-mail:

**МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ ТАЛАССКОГО РАЙОНА ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ**

722720,с. Көк-Ой, ул. Манаса127
Тел.: +996 (03422) 5-81-05
Факс.: +996 (03422) 5-84-68
e-mail:

Чыг № 23-5/2163. 17. 11. 2024-жыл.

**Талас аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы А.Кенжегуловага**

2024-жылдын 12-ноябрынында Талас районунун аймактык шайлоо коммиссиясына А.Огомбаев айылынын тургуну жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер Б.Кыйкымбаев арыз менен кайрылган. Анда 11.11.2024-жылы жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер Чучуев Мукаш жана айыл башчы Бериков Каныбек менен биргеликте А.Огомбаев айылынын жолдорун оңдоп добуш добуш сатып алуу максатында иш жүргүзүп жатышат. Ушул окуя боюнча териштирип мыйзамдуу чара көрүп бериңиздер деп кайрылган.

Б.Кыйкымбаевдин арызы Талас райондук АШК тарабынан каттоого алынып, 12.11.2024-жылы Талас РИИБге текшерүү иштерин жүргүзүү үчүн жөнөтүлгөн.

Аталган арыз Талас РИИБдин МЭЖне 12.11.2024-жылы 18:17де 02-010-2024-001029 саны менен катталып, тергөөгө чейинки текшерүү иш аракеттери башталган.

Тергөөгө чейинки текшерүүнүн жүрүшүндө арызданууучу жана күбөлөр суралып, Беш-Таш айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталган М.Чучуев А.Огомбаев айылынын ички көчөлөрүн оңдоп түзөөгө айыл башчы К.Бериковго Н.Баясбековдун наамында каттоодо турган бирок М.Чучуев 2 жылдан бери иштетип келген карьерден кум-шагыл жана өзүнө тиешелүү болгон 1 жүктөгүч менен “КАМАЗ” үлгүсүндөгү 1 жүк ташуучу автоунаасын кум шагыл жүктөөгө жана ташууга бөлүп берген.

Андан тышкары М.Чучуев жогоруда аталган карьерден кум-шагыл ташып жолго төгүүгө 3 жүк ташуучу автоунааларды жалдап, айыл тургундарына кайрымдуулук иштерин жасагандыгы аныкталган.

А.Огомбаев айылынын ички көчөлөрүнө кароо жүргүзгөн учурда жалпысынан 42 даана “КАМАЗ” кум-шагыл төгүлгөнү тастыкталган.

Жогоруда аталган фактылар боюнча көрмө тасмалар, сүрөттөр жана үн жазуулар А.Огомбаев айылынын тургундарынын “А.Огомбаев айылы” аталыштагы

Сканировано с CamScanner

600 жаран катышкан тайпага жөнөтүлүп, айыл элинин талкуусуна алынганы такталган.

Ошондой эле жүк ташуучу автоунаалар кум-шагыл жүктөп А.Огомбаев айылынын ички жолдоруна төккөн "Жергетал" аталыштагы карьерине кароо жүргүзүлүп, ал жерден кум-шагыл алынгандыгы аныкталган.

Ал эми Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын 28-бер. 4-бөл. "Талапкерлер, алардын жакын туугандары, талапкердин жубайы, талапкерлердин жана саясий партиялардын өкүлдөрү шайлоо дайындалган учурдан тартып жана шайлоонун натыйжалары жарыялангаңга чейин кайрымдуулук иштерин жүргүзүүгө укуксуз" деп көрсөтүлгөн.

Жогорудагы жагдайларды эске алсак жергилик кеңештин депутаттыгына талапкер М.Чучуевдин кыймыл аракетинде Кыргыз Республикасынын КЖКнын 196-бер. 1-бөл. "Шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды берүү же болбосо таратуу, материалдык баалуулуктарды тапшыруу же кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алууга көмөктөшүү жолу менен шайлоочулардын добуштарын сатып алуу, ошого тете эл алдында аларга убада берүү" кылмыштын белгилери так жана даана байкалгандыктан 15.11.2024-жылы 03-010-2024-000090 сандуу кылмыш иши козголгон.

Ал эми Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын 17-бер. 10-бөл., "Катталган талапкер шайлоо комиссиясы шайлоонун жыйынтыктарын жалпыга маалымдоо каражаттарында расмий жарыяланган күнгө чейин аймактык шайлоо комиссиясынын макулдугусуз, кылмыш жасаган жеринде кармалган учурларды кошпогондо, жазык жоопкерчилигине тартылбайт, кармалбайт, камакка алынбайт же сот тартибинде берилүүчү чараларга дуушар кылынбары" көрсөтүлгөн.

Андыктан, Талас РИИБдин тергөө кызматы Сиздерден Талас районунун "Беш-Таш" айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкерлигин көрсөтүп жаткан №8-талапкер 20.05.1978-ж.т. Чучуев Мукаш Турарбековичти кылмыш жоопкерчилигине тартууга макулдугуңуздарды берүүңүздөрдү суранат.

**Башчы** к.м.и о.ә.
**милициянын майору** **Н. Чолпонкулов**

Сканировано с CamScanner

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС АЙМАКТЫК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИ
ТАЛАССКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИСС

Кыргыз Республикасы.
Көк-Ой айылы. Манас көчөсү №99
тел./ факс:: +996 (3422)5-83-61

Кыргызская Республика.
с.Көк-Ой. улица Манаса №99
тел./ факс: +996 (3422) 5-83-61

adm60-1@shailoo.gov.kg

adm60-1@shailoo.gov.kg

№ 19

"17" 11 2024-ж

**Талас РИИБнө**

Талас аймактык шайлоо комиссиясы Беш-Таш айылдык кеңешине №6086,6117 Огомбаев, Эркесары шайлоо участкасына талапкер Чучуев Мукаш Турарбекович Талас райондук ички иштер бөлүмүнүн текшерүүсүнүн негизинде кылмыш окуясына катыштыгы бар экендиги аныкталгандыгына байланыштуу кылмыш жоопкерчиликке тартууга макулдугубузду беребиз.

**Талас АШК төрагасы:** **А.Кенжегулова**

Аткм: Джунусов А

Сканировано с CamScanner

Талас аймактык шайлоо
комиссиясына
Бакай-Ата айыл аймак-
тык кеңешине талапкер
Д. Оголбаев айылынын
тургуну Сейсенбаев
Байгазы Тургунбековичтен

Арыз.

Мен, Сиздерге кайрылганымдын себеби төмөндөгүчө. 11.11.2024 жылы депутаттыкка талапкер Чүчүев Мукаш жана, айыл башчысы Бериков Канатбек экөө биргелешип Д. Оголбаев айылынын шайлоочуларын ороп, добуш сатып алуу максатында иш уюштуруп жатышат, ушундай башка территориядагы кишилердин тарап келип баргандар. Видео материалдар бар.

12.11.2024 Койкомбаев Б.В.

ИСЧ -24
12.11.2024

Талас райондук ички иштер башкамалыгынын

башчысы, милициянын майору Н.Ж.Чолпонкуловго

Талас аймактык шайлоо комиссиясынан

Сизге 2024-жылдын 12-ноябрындагы А.Огомбаев айылынын тургуну талапкер Б. Кыйкымбаевдин талапкер М.Чучуевге карата жазган арызы негизинен кароо үчүн жөнөтүлөт.

Тиркеме: Арыз 1 баракта

**Талас аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **А.К.Кенжегулова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ ТАЛАССКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

Алдым: Дмуусов А

Сканировано с CamScanner